# КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИНИН ДОКТОРАНТУРА ПРОГРАММАСЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ЖОБОСУ

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ
## Максаты, мазмуну, укуктук негиздемеси жана негизги түшүнүктөр

**Максаты**
**1-берене.** Бул жобонун максаты–Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин институттарында ачылган докторантура бөлүмдөрү боюнча негиздерди аныктоо.

**Мазмуну**
**2-берене.** Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетине караштуу институттарда ишке ашырылган докторантура бөлүмдөрүндө окуу жана диссертациялык иш жазуу тартибине байланыштуу жоболорду камтыйт.

**Укуктук негиздеме**
**3-берене.** Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 1-июнундагы жыйынында №2021-08.40 чечими менен кабыл алынган «Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ЖОЖдон кийинки билим берүү жана сынак өткөрүү боюнча нускамасына» ылайык иштелип чыккан.

**Аныктамалар**
**3-берене.** Бул жободо колдонулган негизги түшүнүктөрдүн аныктамалары төмөнкүдөй**:**
- **Академиялык календарь:** Ар бир магистратура/докторантура/ассистентура-стажировкада окуу учурунда бардык академиялык иш-чараларды өткөрүү тартибин белгилеген календарды;
- **ЕКТС/ECTS:** Европа кредит которуу системасын (European Credit Transfer System);
- **Илимий жетекчи (куратор):** Институтта катталган докторантка окуу жана диссертациялык ишти жазуу убагында жол көрсөтүү жана багыт берүү үчүн дайындалган окутуучуну;
- **Квалификациялык сынак:** Доктаранттын билим алган багыты боюнча негизги темаларды жана түшүнүктөрдү, илимий маалыматты билүү деңгээлин жана жөндөмдөрүн баалоо сынагы;
- **Институт:** Кыргыз-Түрк “Манас” университетине караштуу магистратура/докторантура/ассистентура-стажировка программаларын ишке ашырган институтту;
- **ИМДБ/ИАСБ** (институттун магистратура жана докторантура бөлүмдөрү/институттун ассистентура-стажировка бөлүмү): Институтка караштуу магистратура/докторантура/ассистентура-стажировка программасын ишке ашырган бөлүмдү;
- **ИМДБ/ИАСБнын академиялык кеңеши**: тийиштүү ИМДБ/ИАСБда толук айлык акы менен эмгектенген профессордук-окутуучулук курамдын мүчөлөрүнөн жана доктор илимий наамына ээ ага окутуучулардан түзүлгөн кеңешти;
- **Институттун кеңеши:** Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин тийиштүү институтунун кеңешин;
- **Институттун башкаруу кеңеши:** Кыргыз-Түрк “Манас” университетине караштуу институттун башкаруу кеңешин;
- **Экинчи илимий жетекчи (куратор):** Докторант үчүн диссертациялык ишти жазуу убагында дайындалган экинчи илимий жетекчини (кураторду).
- **Плагиат:** Башка бирөөнүн ой-пикирлерин, ыкмаларын, маалыматтарын, колдонмолорун, жазууларын, график-схемаларын, чыгармаларын илимий эрежелерге

ылайык шилтеме бербей туруп, жарым-жартылай же толугу менен өз менчик интеллектуалдык маалыматы, чыгармасы катары жалпыга жаюуну, басып чыгарууну;

- **Кредит:** Докторантура программасында семестр ичинде бир сабактын жумалык теориялык сааттарынын бардыгы менен практикалык, лабораториялык ж.б. иш-чаралардын сааттарынын жарымын кошкондогусун;
- **Ректорат:** Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректоратын;
- **Семинар**: Докторантура программаларында докторанттын диссертациялык ишти жазууга даярдык көрүшү үчүн илимий жетекчисинин же атайын дайындалган окутуучунун коштоосунда жазуу түрүндө даярдаган теманы кеңири аудиториянын алдында презентациялап берүү иш-чарасын;
- **Окумуштуулар кеңеши:** Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Окумуштуулар кеңешин;
- **Диссертациялык иш**: Доктордук диссертациялык ишти;
- **Диссертациялык ишти кароо комиссиясы:** Докторанттын диссертациялык ишинин темасы боюнча иш планын карап чыгуу, ага диссертациялык ишти аткарууда багыт берүү, ар бир семестрде диссертациялык иштин жүрүшү жөнүндө даярдалган отчётту кароо үчүн дайындалган профессордук-окутуучулук курамдын мүчөлөрүнөн түзүлгөн комиссияны;
- **Аралыктан окутуу:** Окутуучулар жана студенттер университетке келбестен, аудио-видео санарип технологиялардын жардамы менен онлайн-сабак өтүүнү камсыз кылган билим берүү ыкмасын;
- **Университет:** Кыргыз-Түрк "Манас" университети;
- **Университеттин Башкаруу кеңеши**: Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Башкаруу кеңеши;
- **Семестр**: Башталган жана аяктаган күндөрү ар бир окуу жылында Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген күзгү жана жазгы семестрлердеги окуу процессин;
- **Чет өлкөдө илимий практика:** Чет өлкөдө жүргүзүлгөн илимий изилдөө практикасын;
- **Чет өлкөлүк илимий жетекчи:** Диссертациялык ишти жазууда багыт көрсөтүп берүү үчүн дайындалган чет өлкөлүк жогорку окуу жайларында жана илимдер академияларында иштеген профессордук-окутуучулук курамдын мүчөсүн түшүндүрөт.

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ
## Жалпы жоболор

**Программанын максаты**

**5-берене.** Докторантура программасынын максаты - эркин илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жөндөмдүү, илимий маселелерди кеңири жана терең көз караш менен изилдеп, ой-пикирин билдире билген, талдоого, жаңы пикирлерди жана ыкмаларды иштеп чыгууга шыктуу, өз адистигинде эң мыкты, изилдеген багыты боюнча улуттук жана эл аралык илимий басылмаларды калтырбай окуп, учурдагы окуялардан кабардар болгон, этикалык жана кесиптик баалуулуктарды туу туткан, дүйнөдөгү өнөктөштөр менен орток тилде сүйлөшө алган, өлкөбүздүн атынан дүйнөлүк атаандаштык аренасына чыгуу үчүн изилдөөчүнүн өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк түзгөн, адистик багыты боюнча ар кыл жаатта жүргүзүлгөн изилдөөлөргө катышып, жогорку деңгээлде изилдөөлөрдү жүргүзгөн, оргиналдуу эмгегин кадыр-барктуу илимий журналдарда жарыялап, адабиятка өзүнүн чоң салымын кошо алган изилдөөчүлөрдү даярдоо.

**Окуу мөөнөтү**

**6-берене.** Докторантурада окуу мөөнөтү – 8 семестрди камтыйт. Докторанттын жана илимий жетекчисинин арызынын негизинде ИМДБнын жетекчилигинин макулдугу жана институттун Башкаруу кеңешинин чечими менен ар бир каралышында окуу мөөнөтү бир семестрге узартылат. Аталган мөөнөттү узартуу процесси 4 семестрден ашпайт.

**Окуу программасынын мазмуну**

**7-берене.** Докторантура программасы;

- 60 ECTS 2 милдеттүү, 8 тандалма, жалпы 10 сабак;
- 30 ECTS квалификациялык сынак;
- 8 ECTS 4 семинар;
- 12 ECTS кеминде бир ай чет өлкөдө илимий практика;
- Диссертациялык иштин планы, диссертациялык иштин жүрүшү боюнча ийгиликтүү өткөн кеминде 3 отчет, диссертациялык иштин тексти, диссертацияны алдын-ала жактоо жана диссертациялык ишти ачык жактоо сынактарынан турган 130 ECTS диссертациялык иштен, жалпысынан 240 ECTS жана кеминде 2 макаладан турат.

**Окуу планы**

**8-берене.**

**1)** Докторантурада окутуу семестрдик негизде төмөнкүдөй пландаштырылат:
- I семестр: Күзгү семестрден 1 милдеттүү жана 4 тандалма сабак болуп, жалпы 30 ECTS 5 сабак;
- II семестр: Жазгы семестрден 1 милдеттүү сабак жана 4 тандалма сабак болуп, жалпы 30 ECTS 5 сабак;
- III семестр: 30 ECTS квалификациялык сынак;
- IV семестр: 2 ECTS 1-семинар жана 28 ECTS диссертациялык иштин планын сунуштоо;
- V семестр: 2 ECTS 2-семинар жана 28 ECTS доктордук диссертациялык иштин жүрүшү жөнүндө даярдалган 1-отчёт;
- VI семестр: 2 ECTS 3-семинар жана 28 ECTS доктордук диссертациялык иштин жүрүшү жөнүндө даярдалган 2-отчёт;
- VII семестр: 2 ECTS 4-семинар жана 16 ECTS доктордук диссертациялык иштин жүрүшү жөнүндө даярдалган 3-отчёт жана 12 ECTS чет өлкөдө өтөп келген илимий практикасы;
- VIII семестр: 10 ECTS диссертациялык ишти жазуу, 10 ECTS диссертациялык ишти алдын-ала коргоо жана 10 ECTS диссертациялык ишти ачык жактоо сынагы жана кеминде 2 макала.

**2)** Докторантуранын сабактарын ишке ашырууда милдеттүү жана тандалма сабактар менен диссертациялык иштерди камтыган 1-тиркемедеги окуу программасы колдонулат.

**3)** Докторантурадагы милдеттүү жана тандалма сабактар бакалавриат жана магистратура сабактары менен коду, аталышы жана мазмуну бирдей окшоштукта болбошу керек.

**Илимий жетекчинин квалификациялары**

**9-берене.** Докторант үчүн илимий жетекчини дайындоодо төмөнкү квалификациялар эске алынат:

**a)** Кеминде бир магистрдик диссертацияга илимий жетекчи болгондугу талап кылынат.

**b)** Профессордук-окутуучулук курамдын мүчөсүнүн эне тилинен башка бир тилде жазыла турган диссертациялык ишке илимий жетекчилик кылуусу үчүн ошол тилди билгендигин тастыктаган документти тапшыруу талап кылынат. Тилди билүү деңгээли

университеттин Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борбору уюштурган тил сынагынын алкагында алынган, кеминде 70, же ага эквиваленттүү баллга барабар болушу шарт. Эквиваленттүү балл университеттин Чет тил сынагы боюнча эквиваленттүүлүк таблицасына жараша эсептелет. Жарактуулук мөөнөтү белгиленбеген тил сертификаттары 3 жылга жарактуу деп эсептелет.

**c)** Web of Science жана Scopus сыяктуу эл аралык маалымат базаларында индекстелген журналдарда (**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинен лицензия албаган программалар үчүн Окумуштуулар кеңеши тарабынан белгиленген тармактык индекстелген журналдарда**) акыркы 5 жылда жарыялаган кеминде 2 макаласы жана эл аралык конгресстерде жасаган баяндамалары болушу керек.

**Сабактарды ачуу**
**10-берене.**

**1)** Бир сабак бир семестрде ачылышы үчүн кеминде 1 докторант ошол сабакты алышы керек. Институттун Башкаруу кеңешинин чечими менен бул сан көбөйтүлүшү мүмкүн.

**2)** Тандалма сабактар бир окуу жылынын 1-жарым жылдыгындагы күзгү семестрдин сабактарынан жана 2-жарым жылдыгындагы жазгы семестрдин сабактарынан ачылат.

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ
## Квалификациялык сынак жана сынак комиссиясы

**Квалификациялык сынак комиссиясынын түзүлүшү**
**11-берене.** Докторантуранын квалификациялык сынагын өткөрүү үчүн илимий жетекчинин макулдугу, ИМДБнын сунушу жана институттун Башкаруу кеңешинин чечими менен докторантуранын квалификациялык сынак комиссиясы түзүлөт. Сынак комиссиясы илимий жетекчиден, бир мүчөсү башка жогорку окуу жайынан болуп, жалпысынан 3 анык жана резервдик  2 мүчөдөн турат. Зарыл болгон учурда, институттун Башкаруу кеңеши Сынак комиссиясына сунушталган мүчөлөрдүн санын көбөйтүшү мүмкүн.

**Квалификациялык сынакты өткөрүү**
**12-берене.**

**1)** Докторантура программасында 60 ECTS сабактарын толугу менен өздөштүрүп, жалпы орточо баасы кеминде 3.00/4.00 болгон докторант тиешелүү семестрде квалификациялык сынакка катталат.

**2)** Квалификациялык сынак бир окуу жылында эки жолу — март-май жана октябрь-декабрь айларында өткөрүлөт.

**3)** Докторант эң кеч дегенде бешинчи семестрде квалификациялык сынакты тапшырууга милдеттүү.

**4)** Квалификациялык сынакты тапшыргысы келген докторант март-май  мезгили үчүн 15-февраль-30-март, октябрь-декабрь мезгили үчүн 15-сентябрь-30-октябрда квалификациялык сынакты тапшыруу үчүн арыз формасын толтуруп, транскрипт тиркеп, арызды институттун жетекчилигине жазуу түрүндө тапшырууга тийиш.

**5)** Докторант квалификациялык сынакты 1 семестрде 1 жолу, 1 окуу жылында эң көп 2 жолу тапшыра алат.

**6)** Квалификациялык сынактын өткөрүлө турган күнү жана сааты илимий жетекчи тарабынан белгиленип, кулактандыруу жарыясына чейин кеминде 10 күн мурун жазуу түрүндө институтка маалымдалат. Сынак институт тарабынан белгиленген бөлмөдө, дайындалган күнүндө жана саатында өткөрүлөт. Сынак күнү жана бөлмөсү

жарыяланбай туруп өткөрүлгөн, институт тарабынан дайындалган күнү белгиленген бөлмөдө өткөрүлбөгөн сынак кайрадан өткөрүлөт.

**7)** Докторанттын илимий жетекчиси квалификациялык сынак комиссиясына жүйөлүү себептер менен катыша албай турган комиссия мүчөсүнүн абалы тууралуу институтка кабар берет, анын ордуна комиссиянын резервдик мүчөсүнүн келишин камсыз кылат.

**8)** Квалификациялык сынак жазуу жана оозеки түрүндө, эки бөлүктө жүргүзүлөт. Жазуу түрүндөгү сынактын мөөнөтү кеминде 90, эң көп 120 мүнөт, оозеки сынактын мөөнөтү кеминде 45, эң көп 60 мүнөттү түзөт.

**9)** Жүйөлүү себеби жок туруп жазуу же оозеки сынактардын бирине кирбеген докторант ийгиликсиз деп эсептелет.

**10)** Жазуу түрүндөгү сынакты ийгиликтүү тапшырган докторант оозеки сынакка кире алат.

**11)** Квалификациялык сынакты ийгиликтүү тапшыруу үчүн докторант жазуу жана оозеки сынактардын ар биринен кеминде 75/100 балл алышы керек.

**12)** Бул сынактардын бирин тапшыра албаган докторант квалификациялык сынакты тапшырган жок деп эсептелет.

**13)** Сынак комиссиясы докторанттын жазуу жана оозеки сынактарынын жыйынтыктарына баа берип жатканда, комиссиянын ар бир мүчөсүнүн баасын өз-өзүнчө эске алып, докторанттын сынакты тапшырууда ийгиликтүү же ийгиликсиз болгону тууралуу чечим чыгарат.

**14)** Квалификациялык сынактын жыйынтыгы жана ага тиешелүү иш кагаздар ИМДБнын жетекчилиги тарабынан сынактан кийинки 3 күн ичинде институтка тапшырылат.

**15)** Квалификациялык сынактын жыйынтыгы докторанттын транскриптине G (өттү) же K (калды) деп жазылат.

**16)** Квалификациялык сынакты тапшыра албаган докторант кийинки семестрде, жүйөлүү себептерден тышкары ошол эле курамдагы комиссияга жазуу жана оозеки сынактарды кайра тапшырууга милдеттүү.

**17)** Докторант квалификациялык сынакты эки жолу тапшыра албаган учурда институттан чыгарылат.

## ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

## Диссертациялык иштин планы, диссертациялык ишти карап чыгуу процедурасы, семинар, чет өлкөдө илимий практика, диссертациялык ишти алдын-ала коргоо, диссертациялык ишти ачык коргоо, материалдарды жалпыга жарыялоо шарты

**Диссертациялык ишти кароо комиссиясы**
**13-берене.**

**1)** Квалификациялык сынакты ийгиликтүү тапшырган докторанттар үчүн илимий жетекчинин(лердин) пикири, ИМДБ жетекчилигинин сунушу жана институттун Башкаруу кеңешинин чечими менен квалификациялык сынактан кийинки бир айдын ичинде илимий даражасы жана илимий наамы бар 5 мүчөдөн турган диссертациялык ишти кароо комиссиясы түзүлөт.

**2)** Аталган комиссия докторанттын илимий жетекчиси(лери)нен, бирөө башка жогорку окуу жайдан, бирөө окшош багыттагы бөлүмдөрдө иштегендерден жана дагы бирөө тийиштүү ИМДБда толук айлык акы алып эмгектенген илимий даражасы жана илимий наамы бар окутуучулардан түзүлөт.

**3)** Аталган комиссиянын мүчөлөрүнүн Web of Science жана Scopus сыяктуу эл аралык маалымат базаларында индекстелген журналдарда (Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинен лицензия албаган программалар үчүн Окумуштуулар

кеңеши тарабынан белгиленген тармактык индекстелген журналдарда) акыркы 5 жылда жарыялаган 2 макаласы болушу керек.

**4)** Диссертациялык иштин кароо комиссиясы түзүлгөндөн кийин, жүйөсүн билдирип, илимий жетекчилердин пикири, ИМБД жетекчилигинин сунушу жана институттун Башкаруу кеңешинин чечими менен комиссиянын мүчөлөрү алмаштырылышы мүмкүн.

**5)** Диссертациялык иштин кароо комиссиясы толук курамда жыйын өткөрөт. Доктoранттын чет өлкөлүк илимий жетекчиси жана комиссиянын башка жогорку окуу жайда иштеген мүчөсү жыйналыштарга онлайн режимде катыша алат.

**6)** Диссертациялык иштин кароо комиссиясынын жыйындарынын өткөрүлө турган күнү жана сааты илимий жетекчи тарабынан аныкталып, жыйын жөнүндө кулактандырууга чейин кеминде 10 күн мурун жазуу түрүндө институтка маалымдалат. Жыйындар институт тарабынан белгиленген бөлмөдө, белгиленген күнүндө жана саатта өткөрүлөт.

**7)** Доктoранттын илимий жетекчиси жыйынга жүйөлүү себептер менен катыша албай турган комиссия мүчөсүнүн абалы тууралуу институтка кабар берет, эң кыска убакытта жыйындын жаңы күнү белгиленет.

**8)** Диссертациялык иштин кароо комиссиясы доктoранттын диссертациялык ишинин планына жана диссертациялык иштин жүрүшү жөнүндө даярдалган отчётуна баа берип, доктoрантка туура багыт көрсөтүп берет.

**9)** Комиссия чечимдерди көпчүлүк добуш менен гана кабыл алат. Каршы добуш берген мүчө мындай чечиминин жүйөсүн жазуу түрүндө билдирет.

**Доктордук диссертациянын планын/темасын сунуштоо**
**14-берене.**

**1)** Квалификациялык сынакты ийгиликтүү тапшырган доктoрант диссертациялык ишинин темасын, максатын, мазмунун, методикасын, илимий булактарын жана планын камтыган диссертациялык ишти сунуштайт.

**2)** Доктордук диссертациянын темасы илимий багытынын өзгөчөлүктөрүнө жараша төмөнкү талаптарга жооп берүүгө тийиш:

- **a)** Улуттук же эл аралык деңгээлде өзгөчө мааниге ээ жана актуалдуу көйгөйгө дал келүүсү;
- **b)** Катталган программанын илимий багытына дал келүүсү;
- **c)** Илим, техника жана өндүрүш чөйрөсүндөгү теориялык, методикалык жана технологиялык жетишкендиктерге негизделүүсү;
- **d)** Практикалык сунуштамаларды, теориялык жана/ же практикалык маселелерди чечүү жолдорун камтуусу;
- **e)** Диссертациялык иштин жыйынтыктары тийиштүү илимий тармакта же экономиканын секторунда колдонула билиши;
- **f)** Диссертациялык иштин темасы төрт тилде (кыргызча, түркчө, англисче жана орусча) жазылышы керек.

**3)** Доктoрант жазган диссертациясынын темасын квалификациялык сынакты ийгиликтүү тапшыргандан кийинки семестрде диссертациялык ишти кароо комиссиясынын алдында оозеки коргоого тийиш.

**4)** Диссертациялык иштин темасын сунуштоого жүйөлүү себепсиз тийиштүү семестрде келбеген доктoрант ийгиликсиз деп эсептелет.

**5)** Доктoрант диссертациялык ишинин темасы боюнча жазуу түрүндө отчёт даярдап, аны оозеки коргоо сынагынан кеминде жети күн мурда комиссия мүчөлөрүнө тапшырууга милдеттүү.

**6)** Сынак угуучулар үчүн ачык өтөт, алар диссертациялык иштин темасы боюнча сунуштарды киргизе алышат. Сынактын аягында комиссия сунушту “кабыл алуу”, “оңдоо” же “кабыл албоо” тууралуу чечим чыгарат.

**7)** Доктoранттын диссертациялык ишинин темасы кабыл алынса, бул тууралуу чечим үч жумушчу күндүн ичинде ИМДБнын жетекчилиги тарабынан тиешелүү протоколдор менен кошо институтка жөнөтүлөт.

**8)** Диссертациялык ишти кароочу комиссия диссертациялык иштин темасын оңдоо керек деген чечим чыгарган учурда, докторантка 1 ай убакыт берилет. Бул мөөнөт бүткөндөн кийин өткөрүлгөн оозеки коргоодо комиссия теманы “кабыл алат”, же “кабыл албайт”.

**9)** Диссертациялык ишти кароо комиссиясы тарабынан кабыл алынган диссертациялык иштин темасы институттун Башкаруу кеңешинин чечими менен бекитилет.

**10)** Диссертациялык ишинин темасы кабыл алынбаган студент башка илимий жетекчилерди жана диссертациялык иштин темасын тандап алууга укуктуу. Мындай учурда иш төмөндөгүдөй тартипте жүрөт:

- **a)** окууну ошол эле илимий жетекчилер менен, ошол эле тема боюнча улантууну каалаган докторант кеминде 30 күн, эң көп 60 күн ичинде ичинде;
- **b)** окууну ошол эле илимий жетекчилери менен, бирок диссертациянын темасын өзгөрткөн докторант кеминде 60 күн жана эң көп 90 күн ичинде;
- **c)** окууну башка илимий жетекчилер менен, диссертациянын темасын өзгөрткөн докторант кеминде 90 күн жана эң көп 180 күн ичинде диссертациялык иштин темасын коргоо сынагын кайра тапшырат.
- **d)** Башка илимий жетекчилер дайындалган учурда жаңы диссертациялык ишти кароо комиссиясы түзүлүшү мүмкүн.

**11)** Докторант диссертациялык ишинин темасын коргоо сынагын эң көп дегенде эки семестр ичинде ийгиликтүү тапшырбаган учурда институттун каттоосунан чыгарылат.

**Диссертациялык иштин жүрүшү боюнча отчёттор**
**15-берене.**

**1)** Диссертациялык иштин темасы кабыл алынгандан кийин, докторант кийинки семестрде диссертациялык ишти кароо комиссиясына тапшыруу үчүн буга чейин диссертациялык иш боюнча жүргүзгөн изилдөөлөрүнүн кыскача мазмунун жана кийинки семестрде аткара турган иш планы тууралуу жазуу түрүндө отчёт даярдайт.

**2)** Диссертациялык ишти кароо комиссиясы жылына эки жолу март-май жана октябрь-декабрь айларынын ичинде бир жолудан чогулуп жыйын өткөрөт жана докторанттын диссертациялык иши боюнча изилдөө иштерине баа берет. Диссертациялык ишти карап чыгуу үчүн уюштурулган эки жыйындын ортосунан кеминде 4 ай өтүшү керек.

**3)** Диссертациялык ишти карап чыгуу комиссиясынын жыйын күндөрү докторанттын илимий жетекчиси тарабынан аныкталат жана ал жөнүндө маалымат веб-барак аркылуу кулактандырууга чейин, бир апта мурун институтка жиберилет.

**4)** Докторант комиссиянын жыйынынан жети күн мурун комиссиянын мүчөлөрүнө диссертациялык иштин жүрүшү жөнүндө даярдалган отчётун тапшырат жана бул отчётту комиссиянын жыйынында оозеки түрдө коргойт.

**5)** Диссертациялык ишти карап чыгуу жыйындары угармандарга ачык түрдө өткөрүлөт.

**6)** Докторанттын диссертациялык иштин жүрүшү боюнча отчётуна комиссия тарабынан көпчүлүк добуш менен “тапшырылды” же “тапшырылган жок” деп баа берилет.

**7)** Комиссиянын бардык мүчөлөрү кол койгон чечим жана диссертациялык иштин жүрүшү боюнча отчёт ИМБД жетекчилиги тарабынан процедура бүткөндөн кийин 3 күн ичинде институтка жиберилет.

8) Бул отчётторду тапшырбаган, жыйындарга жүйөлүү себептерсиз катышпаган же отчёту начар деп бааланган докторанттын диссертациялык иши тийиштүү семестр үчүн ийгиликсиз деп эсептелет.
9) Катары менен 3 жыйынга жүйөлүү себептерсиз катышпаган, диссертациялык иштин жүрүшү боюнча отчётту тапшырбаган же отчёту начар деп бааланган докторант исништуттан чыгарылат;
10) Докторанттын максималдуу окуу мөөнөтүнүн соңку семестрине чейин 1 семестр калганда диссертациялык иштин жүрүшү боюнча 3 отчёту ийгиликтүү тапшырылып бүтүшү керек. Бул мөөнөт ичинде диссертациялык иштин жүрүшү боюнча 3 отчётту ийгиликтүү тапшырбаган докторант институттан чыгарылат;
11) Диссертациялык ишти кароо боюнча комиссиянын биринчи жыйынында комиссия мүчөлөрү диссертациялык изилдөө иштеринде эч кандай алдыга жылуу жок же ачылыш кылуу мүмкүн эмес деген тыянакка келишсе, диссертациялык иштин темасын өзгөртүү талабы коюлушу мүмкүн. Мындай учурда комиссия бул өзгөртүү боюнча бир отчёт даярдап, аны ИМДБ жетекчилиги аркылуу институтка тапшырат. Диссертациялык иштин темасын өзгөртүү маселеси институттун Башкаруу кеңешинин чечими менен бекитилет.
12) Диссертациялык ишинин темасы өзгөртүлгөн докторант тийиштүү мөөнөттүн ичинде диссертациялык иштин планын сунуштоо сынагына кирип, кеминде диссертациялык иштин жүрүшү боюнча 2 отчёт тапшырып, аларды ийгиликтүү аткарууга милдеттүү.

**Семинар**

**16–берене.**

1) Докторант диссертациянын темасын тапшыра турган семестрден баштап, ар бир семестрде 1ден семинар, жалпысынан 4 семинар өткөрүшү керек.
2) Семинар, докторанттын Кыргызстандагы илимий жетекчиси менен биргеликте жумасына 1 сааттан өтүлөт.
3) Семинарда диссертациянын темасы боюнча изилдөөлөр жүргүзүлөт.
4) Студенттердин санына карабастан, семинар курсу жумасына 1 саат өткөрүлөт.

**Чет өлкөдө илимий практика**

**17–берене.**

1) Диссертациялык ишин жазуу процессиндеги докторанттар максималдуу окуу мөөнөтүнө бир семестр калганга чейин, чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайларында билимин жана тажрыйбасын жогорулатуу максатында бир айдан кем эмес илимий практикадан өтүшү керек.
2) Илимий практика учурунда тийиштүү жогорку окуу жайда илимий багытына байланышкан изилдөөлөргө, программаларга жана симпозиумдарга катыша алат. Ушуну менен катар өзүнүн өнүгүүсүнө салым кошо турган сабактарга, жайкы мектеп сабактарына жана тил курстарына катыша алат.
3) Докторант илимий практика өтөө учурундагы аткарган иш-чараларын практика күндөлүгүнө жазышы керек.
4) Илимий практикасы аяктагандан кийин, практикасын өтөгөн бөлүмдүн жетекчиси тарабынан кол коюлуп, тастыкталган күбөлүгүн 1 айлык мөөнөт ичинде институтка тапшырат.
5) Белгиленген мөөнөттө чет өлкөдө илимий практикадан өтпөгөн же илимий практикасын аяктабаган, же болбосо ийгиликтүү өтөй албаган докторант институттан чыгарылат.

**Публикациялоо шарттары**
**18–берене.**

**1)** Докторант, диссертациялык ишин алдын-ала коргоо күнүнө чейин, темасы менен байланыштуу жарыяланган же DOI номериндеги электрондук форматта басылып чыккан кеминде 2 макала жарыялашы керек.

**2)** Макалалар төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:

**a)** Макалалар Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин аты менен жарыяланышы керек;

**b)** Табигый илимдер институтунда докторантура программасында билим алып жаткан доктoранттын макалаларынын ичинен кеминде бирөө SCI, SCI-Exp, SSCI, AHCI, индекстүү журналдарда Web of Science же Scopus сыяктуу эл аралык маалымат базаларында индекстелген журналдарда жарыяланышы керек;

**c)** Коомдук илимдер институтунун докторантынын макалалары Web of Science же Scopus сыяктуу эл аралык маалымат базаларында индекстелген журналдарда (**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинен лицензия албаган программалар үчүн Окумуштуулар кеңеши тарабынан белгиленген тармактык индекстелген журналдарда**) жарыяланышы керек.

**3)** Максималдуу окуу мөөнөтүндө диссертациялык ишин тапшырып, публикациялоо шартын аткара албаган докторантка эң көп 2 жыл кошумча убакыт берилет жана публикациялоо шартын аткарганга чейин докторантка академиялык өргүү берилет. Докторант, публикациялоо шартын аткаргандан кийин, диссертациялык ишин алдын-ала коргоо жана ачык коргоо процессин баштайт. Берилген кошумча мөөнөттүн аягына чейин публикациялоо шартын аткарбаган докторант институттан чыгарылат.

**Диссертациялык ишти аткаруу жана тапшыруу тартиби**
**19–берене.**

**1)** Диссертациялык иштин жүрүшү боюнча 3 отчётун жана чет өлкөдө илимий практикасын ийгиликтүү тапшырып, диссертацияны жазуу эрежелерине ылайык даярдаган доктордук диссертациясын докторантура программасын аяктоо мөөнөтү бүтөрдөн 3 ай мурун окуу календарында көрсөтүлгөн күнү инситутка тапшырат.

**2)** Диссертациялык иш башка маалымат булагынан көчүрүп алынбагандыгы тууралуу отчёттун даярдалышы үчүн: диссертациянын корутунду жана бөлүмдөрүн камтыган PDF форматында даярдалган документ илимий жетекчинин мекемеге таандык э-почтасынан

- Табигый илимдер институтунун докторанты үчүн fbetezler@manas.edu.kg
- Коомдук илимдер институтунун докторанты үчүн sbetezler@manas.edu.kg даректерине электрондук түрдө жиберилет.
- Жибериле турган документтин алгачкы барагында: диссертациялык иштин темасы, доктoранттын жана илимий жетекчи(лери)нин аты-жөнү, э-почта даректери жазылат.

**3)** Институт диссертацияны кароонун жана баалоонун төмөнкү баскычтарын өткөрөт:

**a)** Диссертациялык иштин жазуу эрежелерине ылайык жазылган-жазылбаганын текшерет.

**b)** Диссертациялык иштин оригиналдуулук коэффициентин аныктоо үчүн башка маалымат булагынан көчүрүлүп алынбагандыгы тууралуу отчёт даярдайт. Диссертациянын оригиналдуулук коэффициенти төмөнкүдөй болушу керек:

- Коомдук жана гуманитардык илимдер боюнча 75%дан кем эмес;
- Табигый-илимий, техникалык, физика-математикалык илимдер боюнча 85%дан кем эмес;

- Медициналык, ветеринардык, агрардык жана биологиялык илимдер боюнча 88%дан кем эмес.

**4)** Диссертацияны жазуу эрежелерине ылайык даярдалбаган диссертациялык иш докторантка кайтарылат. Докторант 3 күн аралыгында кемчиликтерди жоюу жаатында оңдоп-түзөө жана толуктоо иштерин аткарып, кайрадан институтка тапшырат.

**5)** Оригиналдуулук коэффициентин жана диссертацияны жазуу эрежелерине ылайык даярдалган доктордук диссертацияны алдын-ала коргоо сынагына эки ай калганда диссертациянын тексти институттун интернет баракчасында жарыяланат.

**6)** Берилген мөөнөт ичинде оригиналдуулук коэффициент талабына жооп бербеген диссертациялар институттун башкаруу кеңешинин чечими менен четтетилет. Диссертациялык иши четтетилген докторант үчүн алдын-ала коргоо жана ачык коргоо сынактары өткөрүлбөстөн, институттан чыгарылат.

**Диссертациялык ишти алдын-ала жана ачык коргоо сынактарын өткөрүү боюнча комиссия түзүү**

**20–берене.**

**1)** Доктордук диссертациянын тексти интернет баракчага жарыяланган күндөн тарта бир жуманын ичинде ИДБнын жетекчилигинин сунушунун жана институттун башкаруу кеңешинин чечиминин негизинде диссертациялык ишти алдын-ала жана ачык коргоо сынактарын өткөрүү боюнча комиссия түзүлөт.

**2)** Диссертациялык ишти алдын-ала жана ачык коргоо сынактарын өткөрүү комиссиясынын курамы диссертациялык ишти кароо комиссиясынын мүчөлөрү менен кошо бирөөсү чет өлкөнүн университетинде, башкасы бөлөк университетте эмгектенген илимий даражасы жана илимий наамы бар 7 анык жана резервдик 2 мүчөлөрдөн турат.

**3)** Аталган комиссия докторанттын диссертациялык ишин алдын-ала жана ачык коргоо сынактарын өткөрөт.

**Диссертациялык ишти алдын-ала коргоо**

**21–берене.**

**1)** Докторанттын диссертациясынын тексти институттун интернет баракчасына жарыяланган күндөн тарта бир ай аралыгында илимий жетекчисинин сунушу жана институттун башкаруу кеңешинин чечиминин негизинде диссертацияны алдын-ала коргоо сынагы өткөрүлө турган күнү жана дареги аныкталат.

**2)** Диссертацияны алдын-ала коргоо сынагы өткөрүлө турган күнү жана дареги институттун веб-баракчасында кеминде бир ай мурун жарыяланат.

**3)** Диссертациянын тексти жана башка маалымат булагынан көчүрүп алынбагандыгы тууралуу отчёт жана тийиштүү формалар диссертацияны алдын-ала коргоо сынагына бир ай калганда электрондук түрдө комиссиянын мүчөлөрүнө жиберилет.

**4)** Алдын-ала коргоо сынагынын комиссиясы толук курамда иш жүргүзөт. Докторанттын илимий жетекчиси, жүйөлүү себеп менен катыша албай турган мүчө боюнча институтка маалымат берип, анын ордуна резервдик мүчөнүн катышуусун камсыздайт.

**5)** Комиссия мүчөлөрү диссертацияны кароонун жана баалоонун жыйынтыктарына ылайык жеке отчётторун даярдашат.

**6)** Комиссиянын чет өлкөлүк мүчөлөрү аталган сынакка онлайн режимде катыша алат. Бирок сынак башталганга чейин жеке отчёттор комиссиянын төрагасына берилет.

**7)** Докторант диссертациялык ишти алдын-ала коргоо сынагында комиссиядан сырткары илимий даражасы жана илимий наамы бар 2 окутуучунун диссертациялик иши тууралуу жазуу түрүндөгү пикирлерин жана диссертацияга тиешелүү илимий

басылмаларын тапшырат. Ушуну менен катар башка илимий басылмалары бар болсо аларды да берет. Комиссиянын алдында диссертациянын жыйынтыктарын оозеки коргойт.

**8)** Отчётторго жана диссертациялык ишти алдын-ала коргоо сынагынын жыйынтыктарына ылайык, комиссия тарабынан диссертациялык ишти “кабыл алуу”, “оңдоо” же “кабыл албоо” тууралуу чечим көпчүлүк добуштун негизинде кабыл алынат.

**9)** Диссертациялык ишти “оңдоо” тууралуу чечим кабыл алынган учурда, докторантка комиссиянын сунушу боюнча институттун башкаруу кеңеши тарабынан 3 айдан 6 айга чейин убакыт берилет.

**10)** Берилген максималдуу мөөнөт ичинде алдын-ала коргоо сынагына кирбеген же ийгиликсиз тапшырган докторант инсититуттан чыгарылат.

**Диссертациялык ишти ачык коргоо**

**22–берене.**

**1)** Диссертациялык ишти алдын-ала коргоо сынагын ийгиликтүү тапшырган же оңдоо тууралуу чечимин алган докторант, диссертациялык ишти алдын-ала коргоо учурунда комиссия мүчөлөрүнүн ой-пикирлерин жана сунуштарын эске алуу менен оңдогон диссертациялык ишинин текстин 15 күндүн ичинде комиссия мүчөлөрүнө кол койдуруп, институтка тапшырат.

**2)** Доктордук диссертацияны ачык коргоо сынагына бир 1 ай калганда институттун интернет баракчасында илимий жетекчисинин сунушу жана институттун башкаруу кеңешинин чечиминин негизинде сынак өткөрүлчү күнү жана дареги, диссертациянын темасы, докторант жана илимий жетекчилери тууралуу маалымат жарыяланат.

**3)** Институт диссертациялык иштин текстин жана тийиштүү формаларды диссертацияны ачык коргоо сынагына 1 ай калганда комиссиянын мүчөлөрүнө электрондук түрдө жиберет.

**4)** Диссертацияны ачык коргоо сынагынын комиссиясы толук курамда иш жүргүзөт. Докторанттын илимий жетекчиси жүйөлүү себеп менен катыша албай турган мүчө боюнча институтка маалымат берип, анын ордуна резервдик мүчөнүн катышуусун камсыздайт.

**5)** Комиссиянын чет өлкөлүк мүчөлөрү аталган сынакка онлайн режимде катыша алат. Бирок сынак башталганга чейин жеке отчёттор комиссиянын төрагасына берилет.

**6)** Докторант белгиленген күнү доктордук диссертацияны ачык коргоо сынагына кирет.

**7)** Диссертацияны ачык коргоо сынагы видеого тартылат жана бардык угуучулар үчүн ачык өткөрүлөт.

**8)** Доктордук диссертацияны ачык коргоо сынагынын мөөнөтү – 45-90 мүнөт.

**9)** Диссертацияны ачык коргоо сынагында докторанттын диссертациялык ишин канчалык деңгээлде өздөштүргөндүгү бааланат. Докторант диссертациясынын жыйынтыктарын кыскача баяндап берет. Диссертацияны ачык коргоо сынагы диссертациянын темасы боюнча суроо-жооп формасында оозеки өткөрүлөт.

**10)** Диссертацияны ачык коргоо сынагы аяктагандан кийин, жыйынтыгы угуучулардын катышуусусуз жабык жыйында комиссия тарабынан каралат. Докторанттын сынакты тапшырган-тапшырбагандыгы тууралуу чечим көпчүлүк добуштун негизинде кабыл алынат.

**11)** Диссертацияны коргоо сынагынын жыйынтыгы докторантка комиссиянын төрагасы тарабынан комиссиянын алдында оозеки угузулат.

**12)** Диссертацияны коргоо сынагын ийгиликтүү тапшырган жана диссертациясы кабыл алынган докторант, комиссия мүчөлөрүнүн сунуштарын эске алуу менен диссертациясынын акыркы вариантын институттун “Диссертация жазуу жөнүндө

нускамага" ылайык даярдап, мукабаланган 5 көчүрмөсүн жана электрондук түрдө CDге жазылган 5 нускасын эң кеч бир айдын ичинде институтка тапшырат. Талап кылынган учурда бул мөөнөт эң көп бир айга узартылышы мүмкүн.

**13)** Диссертациялык ишти тапшыргандан кийин 3 ай аралыгында диссертациянын электрондук түрдөгү 1 нускасы илимий изилдөө жана иш-чараларда колдонуу үчүн институт тарабынан Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин жетекчилигине жөнөтүлөт.

**14)** Диссертациясын тапшырбаган докторантка доктор (PhD) квалификациясы ыйгарылбайт.

**15)** Доктордук диссертацияны коргоо сынагын ийгиликтүү тапшыра албаган докторант инситуттан чыгарылат.

**Доктор (PhD) квалификациясын ыйгаруу жана диплом берүү**

**23–берене.**

**1)** Доктордук (PhD) диссертациясын ийгиликтүү коргогон, ошондой эле окуу планын толук аткарган докторантка, доктор (PhD) квалификациясын ыйгаруу жана диплом берүү иш-чаралары институт тарабынан жүргүзүлөт.

**2)** Диссертациясы кабыл алынган докторант, институттун башкаруу кеңешинин чечими менен диссертациялык ишти ачык коргоо сынагын тапшырган күндөн тарта доктор (PhD) даражасына ээ болот. Докторантка доктор (PhD) даражасындагы диплом жана транскрипт даярдалат.

**3)** Доктор (PhD) даражасындагы дипломдо докторант окуган ИДБнын программасынын аталышы, ага берилген илимий наамы (бар болсо) жана бүтүргөн күнү жазылат.

**4)** Бүтүрүүчүгө докторант талап кылган учурда, диплом ыйгарылганга чейин, бүтүргөндүгү тууралуу убактылуу документ берилет.

**5)** Дипломдун үлгүсү тууралуу жол-жоболор Окумуштуулар кеңешинин чечими менен аныкталат.

**Нускамада каралбаган жагдайлар**

**24–берене.** Бул жободо каралбаган жагдайлар жана күтүлбөгөн көйгөйлөр университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан жөнгө салынат.

**Күчүнө кириши**

**25-берене.** Бул жобо 2021-2022-окуу жылынан баштап күчүнө кирет.

**Ишке ашырылышы**

**26–берене.** Бул жобо Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору тарабынан ишке ашырылат.

*Бул жобо, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 1-июнундагы № 2021-08.40 чечими менен кабыл алынган.*